
Кырг
С 56

СОВЕТ УУЛУ МЕЛИС

# ЧЫРАК



СОВЕТ УУЛУ МЕЛИС

# ЧЫРАК

*(ЫРЛАР)*

**Бишкек - 2013**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**
**С 56**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы М. Р. Назарбековдун жалпы редакциясы астында чыгарылды.

Совет уулу Мелис

**С 56** Чырак: Ырлар.-Б.: 2013. – 37 б.

**ISBN 978-9967-457-23-2**

Жаш автор Совет уулу Мелис бул алгачкы ырлар жыйнагына жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген лирикалык маанайдагы жана ар кыл темадагы ой-чабыттарын чагылдырган ырлары топтоштурулду. "Нурборбор" Эл аралык чыгармачылык академиясы тарабынан тандалып алынып, талкуулангандан кийинки сунушу менен жарыкка чыгарылды.

**С 4702300200-13**

**ISBN 978-9967-457-23-2**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

©Совет уулу Мелис, 2013

## Апама

Үшүсөм күнүм болуп жылытасың,
Балам деп бар түйшүгүң унутасың.
Кылымга теңээр элем мага арнаган,
Уйкусуз түндөрүңдүн минутасын.

Айымсың түнкүсүн да жаркыраган,
Апакем мага өмүр тартуулаган.
Кайратың, тазалыгың тоо суусундай,
Жашоомо шаттык берип шаркыраган.

Ысыкта көлөкөлүү дарагымсың,
Шам болуп караңгыда жанарымсың.
Алам деп чындап эгер ажал келсе,
Өлүмгө мен үчүн да барарың чын.

Чаңкасам шылдыр аккан булагымсың,
Бакчамда тамыр жайган чынарымсың.
Апакем ар кырсыктан сактап турган,
Ыйык туткан адамым, тумарымсың.

Он бала болсо энеде он жүрөк бар,
Балам деп дайым согот ал жүрөктөр.
А бирок эмнегедир байкашымча,
Ата-эне баркын билбей калды көптөр.

## Жактыруу

Жашаш үчүн бул дүйнөдө бактылуу,
Жүрбөш керек күндө атак-даңкты кууп.
Бакыт ушул бир адамды бек сүйүп,
Жандан артык көрүп, дайым жактыруу.

Жанар сымал сүйүү толуп жүрөккө,
Жаш жүрөктөр жакындашса мүнөткө,
Жер жүзүндө бакыттарды сүрөтчү,
Батыргандай болот жалгыз сүрөткө.

Байлык бакыт дешип көбү капкачан,
Байлыктарын көрсөтүшөт мактасаң.
Бакытпы ошол ажал келип күн бүтсө,
Ак сүйүүндөй көрүңө ала жатпасаң.

Ак сүйүүңдү кетсе бирөө тебелеп,
Сүйүү оору, арман дебе жемелеп.
Түшүн анын жүрөгүндө дагы эле,
Махабаттын бир даны да өнө элек.

Мөлтүрөгөн кара көздүү жаш сулуу,
Сүйбөсөң да бактылуумун, бактылуу.
Менин бактым сени дайым бек сүйүп,
Жандан артык көрүп, дайым жактыруу.

## Кайгырган жаз

Жердин бети ылайланып жамгырдан,
Жаркырабай жазым бүгүн кайгырган.
Неге мынча капаланып жаш төгөт,
Энеге окшоп эрке уулунан айрылган.

Күткөн элек үшүп кышта көктөмдү,
Кечиктирет же таарынып кеткенби?!
Кабак ачып төкчү жазым мээримиң,
Көңүлдү эргит, тутандырчы өчкөндү.

Жалындатпай жабыркатып жаштыгым,
Жан дүйнөмө жарык бербей жаз бүгүн,
Жашын төгүп жаш сулуудай муңайт,
Жок дегенде сен кабакты аччы Күн.

"Тып-тып" этип жер сабашат тамчылар,
Биз билбеген түмөн сыры бар чыгар.
Балким алар көңүл кирин жууп кетип,
Жер бетине таза сүйүү калтырар.

Мейли жазым төгүп жашың кайгылан,
Майнап чыкпас баары бир ал кайгыдан.
Айлам кетип мен тагдырга баш ийдим,
Өзүңө окшоп ыйлап-ыйлап кайра улам.

Жакпай мага жаан-чачындуу жазгы күн,
Жоогазындай жакшы ыр жазган аз күнүм,
Азыгы жок ачка болуп жан дүйнөм,
Эңсеп турат жыпар жыттуу жаз гүлүн.

Кара булут каптап алып тарабай,
Куса кылат жүрөктөгү санаадай.
Жаркырачы жазым көңүл көтөрчү,
Жайнап күлгөн, тамтуң баскан баладай.

## Жалгыз калган адамдай

Сезимдерге бүлүк түшүп күнүгө,
Сенден такыр калбадым го түңүлө.
Ак жүзүңдү кыялымда ай кылып,
Ак сүйүүмдү жылдыз кылам түнүмө.

Жүргүм келген махабатка кул болуп,
Жүзүңө аттиң, тийгим келген нур болуп!
Жүрөгүңө жетпей калган ак сүйүүм,
Жүлүн тилип, анан кетти ыр болуп.

Жакшы ыр жазбай, жазып коюп күндөлүк,
Жашап келем бир байкуштай күн көрүп.
Жакшы көрүп сүйбөсөң да менчелик,
Жан оорумду сурабадың бир келип.

Сеникиндей көздөрдү эч таба албай,
Сейил бакта жалгыз гана барам жай!
Кантем, кээде сезип кетем өзүмдү,
Караан таппас ээн калган аралдай!

## Болчу менин Үкөйүм

Башың жөлөп ийиниме, ыкталып,
Отурдуң сен бакыт, сүйүү жыттанып.
Кучагыма кысам улам ардагым,
Жүрөгүмдөн койдуң оор жүктү алып.

Тыңшап улам жүрөгүңдүн какканын,
Ачтым жаным махабаттын капкагын.
Азыр эстеп, отурамын кыял мас,
Эх, андагы бой балкыткан чактарым.

Кечки суукту сүйүү менен кубалап,
Койгон сымал бизди бирөө дубалап.
Отурчу элек кыналышып экөөбүз,
Кездешпеген сымал айлап, жумалап.

Жүрөк канап мейли күндө күтөйүн,
Кылыгыңа көз өткөнчө түтөйүн!
Боогачыдай өмүр бою ырдайын,
Ботокөзүм, болчу менин Үкөйүм.

## Жазгы нөшөр

Жазгы нөшөр көнөктөгөн,
Тентек кыял жөн өтпөгөн.
Сулуу кыздын ак бетинен,
Сен өбөсүң мен өппөгөн.

Жазгы нөшөр көнөктөгөн,
Жаштыгыма өнөк белең.
Жан дүйнөмө сиңип кеттиң,
Жамгыр эмес ок өтпөгөн.

Төккүн нөшөр көнөктөгүн,
Сергип калсын теректерим.
Сүйүү болсо ар бир тамчың,
Сүйүп өткүм келет менин.

Тиктеп туруп тамчыларың,
Тамчы сымал жанчыламын.
Мерез сулуу менменсинип,
Жан дүйнөмдү кайчыладың.

Нөшөрлүү ошол жаз күнүмдү,
Туңгуч сүйүүм жаштыгымды.
Эстеп турам үшүбө деп,
Жапкам сага костюмумду.

Дыбыр-дыбыр сөздөрүңдөн,
Дымып кээде өзгөрүлөм.
Тереземди жууйт көз жаш,
Аккан сулуу көздөрүнөн.

Жалындаган жаштык өчөр,
Акын өңдөн азды дешер.
Жашартарсың мени ошондо,
Жаңы ыр берип жазгы нөшөр.

## Сага

Жүрөгүмө септиң сүйүү үрөнүн,
Ойлоп сени ооруйт күндө жүрөгүм.
Таштаса да тагдыр мени талкалап,
Сүйөм сени, турар башта бир өлүм.

Күзгү нөшөр ыйлайт мага кошулуп,
Күндөр айдай болот кээде созулуп.
Сагынамын бирок сага бара албайм,
Сага барчу жолдор калды тосулуп.

Сүрөтүңдү карап жүрөк мыкчылат,
Көкүрөктө сүйүү ыйлат укчулап.
Калбайын деп ачуу арман астында,
Кайраттанам кармап өзүм ыр курап.

Калбагандай бак-даракта жалбырак,
Калбай калды менде такыр ал кубат.

Үмүт, сүйүү сагынычтан куралган,
Махабаттын мунарасы калды урап.

Кыялымда кучагыма кысамын,
Көргүм келип бир өзүңдү кусамын.
Кандай жансың мени алыска узатпай,
Махабаттын жиби менен тушадың.

Чындап сени сүйүп калдым дегениң,
Уксам деле ишене албай келемин.
Капастагы чымчык болдум кантейин,
Башка келсе башкасын да көрөмүн.

Уйку качат ойлоп сени күнү-түн,
Бир өзүңдөн үзүлбөстүр үмүтүм.
Сен деп дайым ооруганым сезбесең,
Түшүнбөдүм, айтчы сүйүүм ким үчүн?

## Көрүп туруп

Жүзүмдөн күлкү кетпей жүргөн менен,
Жүдөдүм жүзүң көрбөй жүргөнгө мен.
Жүрөгүм туйлап турса азоо аттай,
Жүгөндөдүң бир-эки ооз сүйлөм менен.

Ак сүйүүм ак дилиңе сиңген менен,
Акактай сөздөрүм бар сүйлөнбөгөн.
Аңтарып жан дүйнөмдү салды кебиң,
"Ардагың таап эртерээк үйлөн" деген.

Асманда ай жаркырап тийген менен,
Азабың тартып өзүң сүйгөн менен.
Караңгы туңгуюкка кептелем да,
Эшиксиз, терезесиз үйдө өңдөнөм.

Жүрөгүм сен деп жанып күйгөн менен,
Кудайым башка азапты үйгөн белем.
Багыңдын байланганын көрүп туруп,
Думана болгум келет үйлөнбөгөн.

## Эне жүрөгү

Жашоонун бекем тиреги,
Эритет ташты илеби.
Алтындан кымбат адамга,
Эненин ыйык жүрөгү.

Турмуштун тунук мүрөгү,
Баланын мекен түнөгү.
Нур чачып турган күн сымал,
Эненин таза жүрөгү.

## Кайда жүрөт калыстык

Заманыбыз уйгу-туйгу чаң ызгып,
Чындык издеп көз жаштарды агыздык.
Бирок издеп таба албадым эч жерден,
Бул дүйнөнүн кай жеринде калыстык.
Турмуш менен ар убакта алыштык,
Замандан да артта калбай жарыштык.
Акты кара бут алдында тебелеп,
Көрө албадым кайда жүрөт калыстык?

## Балалык

Эстен кетпейт өтүп кеткен балалык,
Оюн үчүн келген өңдүү жаралып.
Үйдү унутуп тойбой такыр оюнга,
Ат деп минип колго жашыл тал алып.

Ошол кезде сонун экен балалык,
Тамак ичпей колго бир аз нан алып.
Бал жейбиз деп чукуп аары уюгун,
Кээде аарыга калуучу элек таланып.

Аттиң эми кайрылбастыр балалык,
Күн артынан күндөр өтөт саналып.
Кала бердиң, өткөн жылдар астында,
Көл түбүндө акак таштай агарып.

## Сүйүү

Тирүүлүктүн сүйүү экен кумары,
Жаштык кезде шаттуу оюн куралы.
Алып кетет бизди дагы суук өлүм,
Жаш кайыңды бороон жулган сыңары.

Алгач турмуш сүйүү менен башталат,
Сүйүү күчү керек болсо таш жарат.
Байчечекей менен кошо жазында,
Назик, тунук сүйүүлөр да баш багат.

Азиздерге ысык сүйүү көз болот,
Дудуктарга сүйлөп берчү сөз болот.
Чечен болуп чыга келет заматта,
Сүйүп калса момун адам сөзгө жок.

Карыбастыр күткөн адам жүрөгү,
Аруу Сүйүү болуп дайым тиреги.
Нур чачырап сүйгөн адам жүзүнөн,
Сүйбөгөндүн кубарыңкы иреңи.

Бакыт тура сүйүү баркын билгенге,
Эмне жетсин сүйүп өмүр сүргөнгө.
Бармагыңды кесе тиштеп каларсың,
Шашпа досум, сүйбөй туруп үйлөнбө.

## Таш болосуң

Заманыбыз эмне болуп баратат,
Башаламан туш тарапка карасак.
Мите курттай күндө мээни кемирген,
Замана миң бир түркүн ой жаратат.

Ойлойсуң жашоо-турмуш кандай болот,
Оор тагдыр тумшугуңду кандай коёт.
Ооруксуп эптеп анан өйдө болсоң,
Ойсоктоп жокчулук да жандай коёт.

Ошентсе да сүйүүгө маш болосуң,
Ошол заман турмушта жаш болосуң.
Орой сөздү укканда сүйгөнүңдөн,
Ордунан козголбогон таш болосуң.

## Айылым

Алтын бешик туулган жерим айылым,
Көзүм көрүп, көөнүм тоюп байыдым.
Кере жутуп дартка даба абандан,
Мөлтүр тунук сууңа бетим чайыдым.

Жайлооң бейиш жайкысында Талды-Суум,
Кан-жаныма бекем сиңип калды сууң.
Кереметтин керемети экен го,
Жайлоодогу кылайган күн таңкысын.

Кетсем дагы бир өзүңдөн алыстап,
Кыял оюм сенде жүрөт чабыттап.
Топурагың сатып турса базарда,
Жыттаар элем алсам дагы карыздап.

Кайда барсам турарымсың дем берип,
Кандай бакыт көрүп кетүү жөн келип.
Көзгө сүйкүм көрүнөсүң дайыма,
Жер эненин карегиндей өңдөнүп.

Ийри-муйру көчөлөрүң чаңдаган,
Из калтырды биз билбеген канча жан.
Асфальт көчө жакса дагы көөнүмө,
Ийри көчөң сагындырат таң калам.

Бишкек болуп билим илим чордону,
Билим алдык, өстүк өксүү болбоду,
Бирок калды айылымда баары бир,
Дүйнө таануу, өзгөрүлүү, ойгонуу.

## Көтөрөлү ата-журттун түндүгүн

*(24-март, 2005-жыл)*

Көөдөндөгү жазгым келди дартымды,
Кыргызым ай, куудуң кадыр-баркыңды.
Ким күнөөлүү азабына элимдин,
Ким үйрөттү уурулукка калкымды.

Терезелер сынып жатса быркырап,
"Ташы, алгын, тоно" дешет чуркурап.
Таалайыңды таамай урдуң таш менен,
Тентип качып ыйлап жүрөт буркурап.

Эрдик кылдым деп турасың оюнда,
Эптеп алып чыккан арак коюнда,
Эртеңиңди ойлобостон кай бириң,
Эс-акылды алмаштырдың союлга.

Элдик бийлик кылабыз деп бакырып,
Эр кыргызым жүрөт таштап чакырык.
Айнек эмес ар-намысын бырчалап,
Адамдыгың салдың өрттөп сапырып.

Бекеринен атабаптыр кыргыз деп,
Бел болчулар жумурткадан кырды издеп.
Тоноп алып кыргыз эле кыргызды,
Төшүн коюп турат бүгүн тыңбыз деп.

Жеткен акыл, болгон күчүң ушулбу,
Заара узатып кор кылдың го тузуңду.
Жардыланып кеткенби элим жан дүйнөң,
Жийиркенткен курусунчу жүзүң бу.

“Балык баштан сасыйт” болуп биз бүгүн,
Ынтымактын ылайлаттык түздүгүн.
Уруу кылып бөлөк элди улуулар,
Элестетет ээн талаанын кузгунун.

Иренжиткен из калтырдык тарыхка,
Шылдың болуп бүттүк жакын алыска.
Кантип гана колуң барды кокуй күн,
Өз элиңдин нанын тартып алышка.

Айбандан да ылдый болдук, пас болдук,
Ата-Журтка арстан болдук, кас болдук.
Адамдыкты акмак болуп муунтуп,
Арыбызды арак кылдык, мас болдук.

Асман турат ачыла албай кайгырып,
Калганбы элим акылынан айрылып.
Аталардын атын булгап салдык биз,
Акыл салбай ачуулукка алдырып.

Элин элге тукурушуп бийлигиң,
Ырыс качып ыйлап турат Чүй бүгүн.
Кырылышпай кырк уук болуп биригип,
Көтөрөлү Ата-Журттун түндүгүн.

## Кыргыз тилин сактайлы

Тамчы акыры ташты тешип өткөндөй,
Жаз алдында жер жаңырткан көктөмдөй.
Көп кылымды көсөп өтүп жаңырып,
Кыргыз тилим келесиң сен бөксөрбөй.

Төкмө акындар төгүп жамгыр төккөндөй,
Төргө өткөзсөк төл тилибиз жек көрбөй.
Боз үйүбүз болор эле эне тил,
Эл ичине тил оорусун өткөрбөй.

Акыры алтын жер түбүнө чөккөндөй,
Ак кар эрип сууга айланып кеткендей.
Эне тилим өлүп барат акырын,
Кыргыз тилин сактайлычы көп көрбөй.

## Кечир Ата-Журт

Ата журтум кечиргин урпактарың,
Арам акча чоңойткон курсактарын.
Асылдыгың акыры түшүнөр деп,
Агаларга жаздым бул ыр саптарын.

Калбады эч бир жериң булганбаган,
Кайдыгерлик чаңына чулганбаган.
Каракталып Ата-Журт жайдак калдың,
Канакей, эмнең калды уурдалбаган?!

Токоюң токол кылып талкаладык,
Колу-бутуң кыркып биз балталадык.
Кечир бизди Ата-Журт кейип койбой,
Жайлооң, көлүң, сууң сатып чалкаладык.

Көргөнүн айта албаган дудуктардай,
Унчукпай ыйын төккөн булуттардай.
Жаш төгөсүң айта албай муң-зарыңды,
Жер сатканды жер менен уруп калбай.

Аруулугуң ар кимге тебелетип,
Атуулдукту алды акча көмөлөтүп.
Кечир уулуң Ата-Журт бийлик көксөп,
Жүрөт алар эл башын тегеретип!

Бөлүп жулуп кетсек деп уктабаган,
Бөрүлөргө жем кылдык тытмалаган.
Кечир менин Ата-Журт алсыздыгым,
Кайгы оорундан канткенде куткара алам?!

## Наристем

Сыртта кыш, үйүмдө жай гүл жайнаган,
Сыртта муз, үйгө кирсем күнгө айланам.
Ээ досум, неге мындай билесиңби?
Үйүмдө чырпыгым бар бүр байлаган.

Жан биргем жалооруса кубанамын,
Ал-жайын кайра-кайра сурап анын.
Жараткан жардам берчи балдарыма,
Чырпыгым чынар кылчы суранамын.

## Эки жүздүү боло көрбө кыргызым

Жуп болушуп бир-бирине жарашып,
Жылуу көздөр балбыл жанып карашып.
Эки жүрөк көмүскөдөн сүйлөшөт,
Эки тилди сүйлөтпөй сөз талашып.

Жалгыздык эч болбосун деп жадаткан,
Эки-экиден жуп болсун деп Жараткан.
Колду, бутту, көз, кулакты бериптир,
Арылсын деп бизди жаман адаттан.

Эки доочу бир келбе деп тилейбиз,
Эки кулак укпай калса дүлөйбүз.
Эки болуп көбөйсүн деп батыраак,
Бирди эки кылганга жан үрөйбүз.

Эки ооруну бир бербе деп ылайым,
Жалынабыз жалгыз көктө Кудайым.
Эне-атаңдын экөөнү бирдей сыйласаң,
Асманыңда жаркып тийер Күн, Айың.

Эстүү болуп өссүн дайым уул-кызың,
Болсун дайым жаркыган кош жылдызың.
Эки өмүрдө болсун баары экиден,
Эки жүздүү боло көрбө кыргызым.

## Ырым менин жолдошум

Ырым менин жан аяшпас жолдошум,
Кабак ачар кайсыл жерде болбосун.
Бактылуумун сүйгөнүм жок сен менен,
Мейли адамдар мени байкуш ойлосун.

Ырым менин эң сүйүктүү периштем,
Гүлзарымсың эң бир кооз келишкен.
Кереметтүү бир куплет ыр жазсам,
Ооз тийгенсийм өзүм баккан жемиштен.

Ырым менин ичер суум, нанымсың,
Алсырасам кубат берчү балымсың.
Ырсыз мага жашоо жоктой сезилет,
Азгырылбайм атак-даңкка аным чын.

## Чөнтөкчүгө

Эй чөнтөкчү айтайын угасыңбы,
Уурулукту өнөр деп турасыңбы.
Уурулугуң күч болуп турса дагы,
Доомат коюп доого же жыгасыңбы?

Адам колун, куштардын канаттарын,
Адал иштеп тапсын деп тамактарын.
Арам тамак, акмагым билсең боло,
Алла-Таала атайлап жаратканын.

Акча көрсөң көзүңө каның чыгып,
Алайын деп турасың жаның чыгып.

Ойлобойсуң башканын убал сообун,
Үйүңдө апаң, балдарың, жарың туруп.

Уурдаткандын каргышын укпасаң да,
Улуу Куран жазданып уктасаң да,
Каргыш тиет чөнтөкчүм абайлагын,
Кара дуба шыр окуп тыштасаң да.

Уурда акча кадамдарды алдаштыр,
Ушу менен уучуң толуп калбастыр.
Улуулардан угуп сенин кылыгың,
Уулуң кийин уурулукка барбастыр.

## Кайдыгерлик

Ынтымак талкаланып урап, кулап,
Ысык-Көл ичтен сызып ыйлап турат.
Ычкырын тарта албаган мас кыргызым,
Ыктытып, чет элдикти сыйлап турат.

Кайдыгер, таш боор, ичкич балаң болду,
Капырай эмне деген заман болду.
Калаада кызың жүрсө дене сатып,
Айылда арак кууган агаң болду.

Кайырчы кай тарапка карабагын,
Кана ким сурайт анын ал-абалын?
Көрсөк да көрбөгөнсүп кете бермей,
Көпкөндөр итче кызды талаганын.

## Бийлик деген эмне?

Бийлик деген ал эмне,
Башка конгон бакытпы?
Бийлик үчүн акылдуулар,
Жыттуу дешет сасыкты.

Жок, жок бийлик бакыт эмес,
Ал жөн гана азгырык.



Нарын облустук
китеп...
№ 57370 сбо

Бүгүн баарын гүлгө айлантса,
Эртең коёт саз кылып.

Билимдүү эле азаматтар,
Бийлик үчүн пас болуп.
Катындарча ушак айтат,
Калкка-журтка кас болуп.

Бийлик жакшы өктөм сүйлөп,
Баарын бирдей башкарып.
А дегиче ойдогусун,
Бүт коюшат аткарып.

Бирок бийлик колдон кокус,
Чыгып кетсе суурулуп.
Өз зааранды табакташың,
Бүт ичирет уу кылып.

Бийлик десе бир тууганын,
Чыгат четтен саткандар.
Бийлик үчүн өз элине,
Булгундуу ок аткан бар.

Бийлик үчүн элбагарлар,
Уй бөйрөктөй бөлүнүп.
Элибиздин ынтымагы,
Ыдырады сөгүлүп.

Калыстыктан карыялар,
Алыс болду бийлик деп.
Бөлүндү эл уруу – урууга,
Оштук, Нарын, Чүйлүк деп.

Эй, кыргызым, эсиңди жый,
Бийлик көксөп өлбөгүн.
Бир ууч элди бийлик үчүн,
Түндүк-түштүк бөлбөгүн.
Муштум болуп бирикпесең,
Анда кыргыз өлгөнүң.

## Акын ыры

Таш алдында калса дагы назик гүл,
Ташты тешип чыгат бир күн чачып нур.
Билсең ал гүл өлбөс акын ырлары,
Бир сабына бүткүл аалам батып тур.

Темирди да тешип өткөн ок болуп,
Тепсесең да кайра күйүп от болуп.
Өчпөй турган өткүр акын ыры бар,
Өзөн суудай кетпейт соолуп жок болуп.

Чылк алтындан заңгыратып там куруп,
Калп дүйнөгө кетсе аны калтырып.
Ырларындай даңктап анын атагын,
Ырдай көркөм сүйлөп бербес там туруп.

Өлбөстүккө салып коюп улуу жол,
Өзү кетет кайырчыдай куру кол.
Өлбөйм десең түбөлүккө адамзат,
Өңү өчпөгөн өрт акындын ыры бол.

Булак болуп оргуп чыгып жүрөктөн,
Бугун жазып, турса ыры бүлөп дем.
Ай ааламга сөз берметин таратып,
Акын ойнойт ажалды алып билектен.

## Доско

Ээ досум, кабагың ач, кайгырбагын,
Тырмышкын, артты көздөй тайгылбагын.
Тагдырга тизе бүгүп, мүңкүрөсөң,
Адамдык ар намыстан айрылганың.

Бирөөлөр жаман айтса түйбө мээге,
Чыдагын нан жок калса үйдө кээде.
Күнөөсүз болсоң эгер башты көтөр,
Акың жок кабак бүркөп сүйлөгөнгө.

Шамшардай курч болгунуң шылып өткөн,
Шылдың кор адамдарга кылып өктөм.
Шаңдуу жүр, башкаларга басынбастан,
Өкүнбө күндөрүңө куру кеткен.

## Өкүнүч

Кош булактай ага албадык биригип,
Көпкө турган сүттөй болуп иридик.
Көмүп салдым махабатты бырчалап,
Көөдөндө өрт, өтүп жатат тирилик.

Сыя челек кылып коюп жүрөгүм,
Сага арнап ырлар жазып киремин.
Санаа оюм сенде жүрөт дагы эле,
Санаалашы болсом деле бирөөнүн.

Чекит койдук сүйүүбүзгө шашыла,
Чексиз арман батып барам сазына.
Чымчык кылып чырылдаттың кантейин,
Чынар терек болбой менин кашыма.

Күйгөн шамдай өмүр барат кыскарып,
Күлө албаган бул дүйнөдө биз карып.
Күлгүн курак күйүт менен өтөт го,
Көкүрөктө көпкөк тоңгон муз калып.

Ак сүйүүнүн татпадык нак ширесин,
А сүйүүсүз өмүр супсак билесиң.
Асмандагы айым болдуң кол жетпес,
Асылкечим, Айперимсиң бир өзүң.

Кол кармашпай коштоштук биз түбөлүк,
Кош кол менен сүйүү жолун бүтөдүк.
Карегимден жаш ордуна кан акты,
Кайран жүрөк жүз тирилип, жүз өлүп.

## Кел Ноорузум!

Кел Ноорузум, келе бергин жадырап,
Кечикпегин элим сени сагынат.
Кереметтүү майрам болдуң чынында,
Келгениңде жер тукаба жамынат.

Жаңы жашоо алып келип Ноорузум,
Жамы журтту жакшылыктар тоорусун.
Жалпы кыргыз жашасын деп бакубат,
Жараткан да бериптир жер соорусун.

Кайнап турса ар бир үйдө сүмөлөк,
Кубанычтар тоо-тоо болуп күрөлөт.
Каалоо айтып бир-бирине адамдар,
Касташкандар ортосунда гүл өнөт.

Ак элечек кийген жеңе, апалар,
Ала-Тоодой ак калпактуу аталар.
Аруу тилек менен тозсок Ноорузду,
Аалам дагы бир кылымга жашарар.

Жети түрлүү тамак коюп тасмалга,
Жетигенди чырак кылып асманга.
Жети атадай тозолу биз Ноорузду,
Жакшы доско айланышсын кастар да.

Калк ичинде бекемделсе ынтымак,
Кыргыз уулу бөтөн жерде тың чыгат.
Кагылайын эл башында тургандар,
Карышкырча тытышпастан ыркырап.
Калыстыкты кармансаңар туу кылып,
Нооруз менен текши тийген күн чыгат!

## Эй, журналист!

Эй журналист, көтөр башты көтөргүн,
Чындык үчүн чымыр болуп көшөргүн.
Сен айтпасаң, эл билбесе чындыкты,
Адилеттин чокусуна жетер ким?

Эй журналист, башты бийик көтөргүн,
Чындык үчүн тайманбастан көшөргүн.
Чагылгандай чарт бир тийип турбасаң,
Эл тагдырын, жер тагдырын чечер ким?

Эл, жер үчүн килем болуп төшөлгүн,
Ак сөз үчүн ачка болуп өзөргүн.
Арамдардын акчасына алдансаң,
Калыстыкты коргоп, төшүн тосоор ким?

Алдамчыга сөөмөй болуп көзөлгүн,
Чындыкка да кезек келип, жетер күн.
Калем менен кан агыза жазбасаң,
Паракорлук тамырларын кесер ким,
Адилеттик жолун улап кетер ким?

## Бир дарактай өнөбүз

Күтүп күндө жаным сени сагындым,
Кусалыктын жыш торуна чалындым.
Өзүң гана болчу менин жанымда,
Өйдө-ылдыйга бул турмушта кайылмын.

Болдуң менин бул өмүрдө жарыгым,
Сени менен сездим сүйүү кадырын.
Дарак болсом таштак жерде суусаган,
Өзүң болдуң чапкан суунун арыгын.

Жүргөн кезде татаал болуп жолдорум,
Жүгүмдү алып, баарын түзөп оңдодуң.
Махабаттын балын мага жуткуруп,
Жүрөгүмө кыттай болуп орнодуң.

Бөлөк болуп турса дагы денебиз,
Бир дарактай тамыр жайып өнөбүз.
Бизди бөлбө оо Жараткан, суранам,
Эми гана жетилүүдө мөмөбүз.

## Чырак жана акын

Чырактын жанында жалгыз адам,
Ойлуу ак кагазга ал караган.
Түйшөлүп эч уктабайт, басат турат.
Тизмектеп апкелгенин кар талаадан.

Карасаң чырак экөө бир тууғандай,
Тиктешет үн катпастан тил буугандай.
Бир эсе ынактардай акын чырак,
Бир эсе бир-биринен кун куугандай.

Тагдырлаш эки адамга окшошушат,
Таң ата ысык таттуу коштошушат.
Кеч кире жанашышып кайра баштан,
Калемди түркүн сөзгө өткозушат.

## Сулуулар

Кийимиң жыртык, кайырчы бол, майып бол,
Чын сүйсө эгер ал сулууга баары бир.
Эгер сени чанып кетсе да бирөө,
Ал бир байкуш гүл тандаган аарыдыр.
Сенсиз мага жашоо жок деп жалынып,
Кээ сулуулар опкоолжутат жүрөктү.
Эми кара бейтааныпча көз караш,
Кечээ, бүгүн бир аз эле күн өттү.

Кээ бир сулуу карап жигит сыртынан,
Жактырышат короздоно кийинсе.
Көз жаздымда калар эле ал жигит,
Ички дүйнө сырт келбеттен билинсе.

## Толгонуу

Караңгы түн жымжырт айлана,
Чык-чык этет саат жай гана.
Көңүл кирдеп, көкүрөктө муң,
Санаа оюм, сага байлана.

Арман жүгүн жонго артынып,
Издейм сени жаным карч уруп.
Кемийт дүйнөм кээде элесиң,
Көз алдыма бүлбүл тартылып.

Тагдыр күлүп мага каткырып,
Жуп санымдын баарын так кылып.
Үзүп жээрде сүйүү өрүгүн,
Үйлөп салды катуу как кылып.

Шамды айланып шайтан көпөлөк,
Шайыр кыздай бийлейт секелек.
Мен көпөлөк, а сен шамчырак,
Таң аттырган күндө экөөлөп.

## Акча эмне?

Акча эмне байлык, бийлик, бакытпы?
Акча болсо абийириң да сатыкпы?
Акчасына аңкоо байың чиренип,
Акчага кыз дене сатып жатыкты.

Акча эмне жакшы жашоо, дөөлөтпү?
Көптүрдү го арсыз ала көөдөктү.
Капырай ээ, кытыраган бир кагаз,
Жууп салабы ыйман менен сөөлөттү?

Акча эмне киши өлтүрсөң эркиндик,
Байлык издеп бардык жерде мертиндик.
Акча айынан туулган жерди биз сатып,
Батыш, чыгыш, бар тараптан кертилдик.

Акча эмне – алсыздарга үстөмдүк,
Байый түшсөк баш бербестен күчтөндүк.
Ата салтын, абийир, ыйман, уятты,
Аңга тыгып, акча менен биз көмдүк.

Акча эмне – жөпжөнөкөй бир кагаз,
Акмакты да, акылдууну ылгабас.
Адам каны, аккан көз жаш акча үчүн,
Жер үстүндө жашоо барда кургабас.

## Үзүлгөн үмүт

Ак чач кемпир араң жан,
Турат үрөң-баранда.
Түмөн санаа ойлоруң,
Түрмөдөгү баланда.

Шайы кетип шалдырап,
Басууга жок ал-кубат.
Кудум окшош кемпирге,
Кулачудай там турат.

Эски жоолук башында,
Эч тарабай чачын да.
Арык атка окшошот,
Араң чыккан жазында.

Күйбөй оту кышкысын,
Үйдү каптап ыш бүтүн.
Күрс-күрс кемпир жөтөлүп,
Кыйнайт кээде кышкы түн.

Үзбөй такыр үмүтүн,
Күтүп уулун күнү-түн.
Күндө жүз маал Кудайдан,
Тилейт аман жүрүшүн.

Кээде такыр наны жок,
Купкуу тартып каны жок.
Онтоп оору жанын жейт,
Денесинде жанып от.

Ооруп жатып көп ирет,
Ойго терең чөмүлөт.
Эстегенде эрке уулун,
Эт жүрөгү сөгүлөт.

Сугарылбай алма-бак,
Куурап такыр калды өлүп.
Каралбастан короо-жай,
Калды такыр чал да өлүп.

Барайын дейт айылга,
Тууган-урук, кайынга.
Алган акча жолго эмес,
Жетпей калат чай-унга.

Ашып сексен белесин,
Эш туткан уул элесин.
Кемпирге алып келишти,
Жансыз уулдун денесин.

Ыйлап кемпир бүкчүйүп,
Күйүт басып ич күйүп.
Кайран үмүт кемеси,
Күлгө айланды бүт күйүп.

Үмүт менен адамзат,
Жылат тура кадамдап.
Кемпир жатты суналып,
Кепин кийип жалаңкат.

## Күтүү

Күзгү бакта жалгыз жалбырак,
Күтөт кимди билбейм жалдырап.
Санаа тартып саргайса дагы,
Сабыр кылып карек талдырат.

Кээде ажал салып укурук,
Кете жаздайт шамал учуруп.
Жаз алдында жаштыгын эңсеп,
Жан дүйнөсү кетет тытылып,

Жамгыр жааса үшүп чыйрыгат,
Жамынчы жок бою жыйрылат.
Жалгыздыктан жаны кыйналып,
Жашоодо үмүт, күтүү суй жыгат.

## Сезесиңби?

Сезбедиң сен сүйүүмдүн тунуктугун,
Сезбедиңби сүйүүнүн улуктугун.
Ак тилектен арналган аппак сүйүүм,
Асмандагы ыйлаган булут бүгүн.

Сезбедиң го көкүрөк өрттөнгөнүн,
Сезимимдин сезбедиң көрктөнгөнүн.
Менменсинип ашыктык азабына,
Менден жаман жалбырттап өрттөнбөгүн.

Сезимтал деп өзүңдү жаңылыпмын,
Сени көздөй суу болуп агылыпмын.
Сезе албадың бото көз жан дүйнөмдө,
Жаткандыгын жабыркап жарылып күн.
Сезбедиң сен жүрөктүн ыйлаганын,
Алп сүйүүмдүн ааламга сыйбаганын.
Көзүң сулуу, көөдөнүң сокур экен,
Көрө албадың көңүлдүн туйлаганын.

Сезбедиң сен арманга баткандыгым,
Арман күндө ууктуруп жаткандыгын.
Аябастан аттиң ай, тепсеп кеттиң,
Ак сүйүүмдүн аппак ачкан гүлүн!

Ыйлай албай ызага муунуп келем,
Ындын өчүп ыр жаанга жуунуп келем.
Ынанып сен сүйүүмө, сүйүүң кошсоң,
Ырга айланган жүрөгүм суурып берем.

## Аялзат сенде улуулук

Төрөлсө кыздар жактырбай,
Эркектер ичет таптырбай.
Кыз эмне адам эмеспи,
Жийиркенип ары качкыдай?

Уул күтүп уулду тилейбиз,
Кыз десе укпай дүлөйбүз.
Кыздар жок болсо акактай,
Сөздөрдү кимге сүйлөйбүз.

Назданып басса маралдай,
Калабыз көздү ала албай.
Жашообуз супсак кыздарсыз,
Канты жок чайдай карандай.

Кыздар бар жашоо керемет,
Көргөн көз нурга бөлөнөт.
Аялзат эгер жок болсо,
Аалам да кетмек желелеп.

Карындаш, эже, жеңелер,
Баары бир бөлөк дебеңер.
Башка оор мүшкүл түшкөндө,
Ошолор өбөк жөлөнөр.

Дүйнөгө берип жылуулук,
Өзүндө өнөр сулуулук.
Ак сүтүң баккан адамды,
Аялзат сенде улуулук.

Жарымы болуп күйөөнүн,
Жарыгы болуп бүлөнүн.
Жароокер сулуу эмеспи,
Жашоонун сепкен үрөнүн.

Кыйналса дагы унчукпай,
Тапканын ташыйт чымчыктай.
Капалуу болсо аялзат,
Калгансыйт көктө күн чыкпай.

## Атыш керек

Байыса да кат-каттап байлык жыйып,
Акча көрбөй сомдорду майлык кылып.
Адаммын деп жүргөндөр алда качан,
Адамдыкты ыргыткан айрып туруп.

Адам кылган атаны кан жуткуруп,
Ак сүт берген энени каңгыттырып.
Зар какшаткан акылсыз наадандарды,
Атыш керек кол бутун кайрып туруп.

## Маркум атама

Көзүң барда баркың такыр билинбей,
Көрүптүрмүн көп адамдын бириндей.
Көзүң өтүп көкүрөктү арман тээп,
Көрүшчүдөй дале келем түңүлбөй.

Терезени теше тиктеп эрикпей,
Телмирчү элең чаарчык күткөн эликтей.
Барам десем жаш баладай сүйүнүп,
Балам келет деп күтчү элең жеп, ичпей.

Баарысы бар, жашоодо жок эч кемим,
Башкалардай жокчулукту сезбедим.
Бирок ата бир гана өзүң жетишпей,
Бышып ичим, жыттайм сары чепкениң.

Бар тапканым кээде бир аз ашса эле,
Барам үйгө, айылыма жакшы эле.
Атакем ай, ичим жаман өрттөнөт,
Апам жалгыз, жалгыз эшик ачса эле.

## Бала жыты

Умтулуу, сүйүү, күйүү, санаа, күтүү,
Үйлөнүү, үй тургузуу, кара күтүү.
Көр тирлик, байлык, мансап, атак куумай,
Баардыгын басып өтөт бала жыты.

Керемет кызгалдактуу талаа жыты,
Керемет кыздар жүргөн калаа жыты.
А бирок, анык бейиш бир ирмемге,
Балпайган бала жытын кана жутуу.

Жыттасаң балкып денең эрип турат,
Жыгылсаң ал күч-кубат берип турат.
Жытынан айланайын наристелер,
Жытынан эне сүтү келип турат.

## Эне тил

Кыргыз тилим карыттың кылымдарды,
Камтып ичке каада-салт, ырымдарды.
Касиеттүү эне тил жеңип келдиң,
Касын тиккен карөзгөй, зулумдарды.

Тил бар үчүн кыргыздар кыргыз болдук,
Тарыхы бар таанымал жылдыз болдук.
Тилди барктап тилди ыйык туткан үчүн,
Касым, Сыдык, Түгөлбай, Чыңгыз болдук.

Эй кыргызым жоготпо тил ачкычын,
Эне тилге бүгүн өзүң сакчысың.
Эгер тилиң жерде калса тепселип,
Энеңдин сен актабайсың ак сүтүн.

Мейли онбу, мейли жүз тил билели,
Эне тилди эч унутпай жүрөлү.
Улуу Манас каны болсо кыргыздын,
Улут тили кыргызымдын жүрөгү.

## Сүйүү формуласы

Таппай такыр сүйүүнүн формуласын,
Түйүнү көп ойлорго толду башым,
Акактатса аптабың кээде сүйүү,
Аяз болуп бир паста тондурасың.

Безелентсе Бегимай домбрасын,
Сүйүү неге булактай оргубасын.
Ырга айлантса сезимин Ырайымаалы,
Ырдан издейм сүйүүнүн формуласын.

Түндөн издейм махабат формуласын,
Түш көрүүдөн өтө маң болду башым.
Түрүп коюп керемет көшөгөсүн,
Түндөсү Айды асманга кондурасың.

## Балапан

Балдар үйү, жетим балдар толтура,
Аял келсе «апа» дешет кол суна.
Бири ыйлап, бири карайт үмүттүү,
Бир бала эле бурчта ойлуу олтурат.

Эки жашар бөбөк нени ойлонот?
Эт жүрөгүм сыйрылат да, толгонот.
Кай дүйнөгө, билбейт кантип келгенин,
Кана кимге ыктап башын корголойт?

Бүтүн дүйнөм аңтарылат карасам,
Бүрүшкөн бул бөбөк эле, балапан.
Мээрим оту өчкөн сымал жүрөктө,
Кардай муздак кипкичине алакан.

## Акро ырлар

Чыйрыгып турам, чыкпай бир ызам сыртыма,
Чындыкты айтып ыйлагым келет журтума.
Чырагы болгон, тиреги болгон кыргыздын,
Чыңгызы кетти бaркталбай терең уйкуга.

Ылаачын болуп, ышкырып чыгып асманга,
Ырыстуу элди айланткан эле дастанга.
Ысмайыл болуп чыга албай ага бетме-бет,
Ылдыйтан чыккан көралбас аны кастар да.

Намысты тутуп, таанытып Мекен, элимди,
Нур болуп Жерге таланты менен төгүлдү.
Нугунан ашкан дайрадай болуп турчу эле,
Не айла кылдык, ажалга алп уул жеңилди.

Гүлдөтүп сөздү, уругун сээп дүйнөгө,
Гүлсарат минип, элиме кутту үйдү эле.
Гагарин сымал учпастан Жерде отуруп,
Гений деп таанып, адамзат аны сүйдү эле.

Ыроолоп бизге берди эле өзү жараткан,
Ыпластан сууруп, өстүрүп калем, барактан.
Ыраймаалы сымал ушакка күйүп жатканда,
Ырайым кылган чыкпады кыргыз тараптан.

Зоо болуп бийик, ааламга турса көрүнүп,
Зөөкүрсүп атчан, жөөлөдүк далай теминип.
Заңкайтып эми тургузган менен эстелик,
Залкарың кыргыз кайтпастыр кайра кеп угуп.

*****

Жанын берип Мекен үчүн, жер үчүн,
Жеңиш туусун желбиретти сен үчүн.
Жоого бербей бабалардын турагын,
Жалын курак өчкөн улуу эл үчүн.

Эр агалар чыгып жоонун тоосуна,
Эт жүрөктү тоскон дзот оозуна.
Эй урпактар унутпастан ушуну,
Эстеликке таазим этип койгула.

Нанга, сууга кайыл болуп согушуп,
Намыс үчүн кас душманга ок учуп.
Наадандыкты баштап келген Гитлерди,
Нак өзүндөй алган эрлер тосушуп.

Ини, ага, орус, кыргыз ар улут,
Иргелбестен жапырт чыгып агылып.
Ителгидей бир тийишип душманга,
Из калтырды бомба сымал жарылып.

Шарт кетишип кылчайбастан майданга,
Шер аталар айланды эсил кайранга.
Ширин жашоо берген үчүн бизге алар,
Шоола болуп көрк кошолу майрамга!

*****

Нурум өчүп олтурганда алсырап,
Нак булактын суусу болуп тамчылап.
Намысымды козгоп койдуң карындаш,
Наар ала албай көкүрөгүм жанчылат.

Улуу адамдар, ханы, беги, журт башы.
Улуу дешкен кыздын дайым кырк чачы.
Улут үчүн күйүп турса кыргыз кыз,
Ушул элдин тирөөчү да, туткасы.

Рахмат айтып мен сөзүңө кубандым,
Рухту ойготкон улуу сөздү уга алдым.
Ракетадай учпасам да ааламга,
Робот болуп ачуу сөздөн куралдым.

Зарыл бизге азыр сактоо Мекенди,
Зар какшаган көрсөк деле көп элди.
Зулайкабыз тийип кетип Макска,
Замандашым, түшүрдү го беделди?

Атың сенин затыңа куп жарашып,
Айдын нурун алыптырсың жалатып.
Адамзаттын затын таза булгабай,
Адамдыкты жүрө бергин таратып.

Тагдыр буйруп тааныштык биз капыстан,
Тамашалап сөз баштадым жапыстан.
Туусун бийик көтөрүүгө элимдин,
Так өзүңдөй кыздар керек дасыккан!

## Бейитиңер турсун жеңиш жыттанып

Канын төгүп Ата-Мекен, жер үчүн,
Жанын берип тынчтык, достук, эл үчүн.
Баатырларча курман болгон аталар,
Бизге берди жыргал жашоо жемишин.

Кас душманды кан кустуруп талкалап,
Окко төшүн тосуп бизди калкалап.
Оо дүйнөгө сапар алган аталар,
Сиздер үчүн бүгүн таазим, салтанат.

Бирде тоңуп, бирде күйүп, ач калып,
Бут алдында адам өлүп, тапталып.
Турган кездер жүрөгүнө жоокердин,
Кеткен өчпөс кайгы муңдуу так салып.

Ошондогу жоокер бүгүн аксакал,
Төргө өткөзүп эли журту баркташар.
Аталарды көрбөй калган бул күндү,
Эскеришип, урмат менен даңкташар.

Улуу жеңиш унутулбай эстелип,
Аталарды ар жыл сайын эскерүү.
Таштай катып тарыхтарга калсын деп,
Таштан бекем тургузулду эстелик.

Арбагыңар бизге карап сүктанып,
Ата-журтка кирээр бүгүн кутту алып.
Ак дил менен гүл коёбуз урматтап,
Бейитиңер турсун Жеңиш жыттанып.

## Карек болсо эркиндик

Өжөрлөнүп өрдү карай жөнөгөн,
Өлкө болуп өз алдынча эгемен.
Туу көтөрдүк менин атым кыргыз деп,
Туулган сымал тумар туткан энеден.

Калпак кийип, сөз, ыр болуп кыргызча,
Каада-салт, тил эркин болду турмушта.
Эми элим өз энчиңе бекем бол,
Эркиндиктин ээринен жылмышпа.

Сатпа элиңди, сатпа жерди сактагын,
Саал кыйналсаң жериң таштап качпагын.
Кан төгүлүп каза болду канчалар,
Кас душманга кайра колтук ачпагын.

Эмне экенин баалабастан эркиндик,
Эли бөлөк жерде кылып көр-тирлик.
Башты байлап берген үчүн өзгөгө,
Байкуш болуп, бардык жерден мертиндик.

Канда ойнобой ыйыктыгы Мекендин,
Көркү чыкпай үйүңдүн да, көчөңдүн.
Көкүрөгүң сокпой турса кыргыз деп,
Кадырына элдин, жердин жетер ким?!

Капастагы чымчык болбой бүркүт бол,
Кыргыз уулу өз элиңе түркүк бол.
Карек болсо кансыз келген эркиндик,
Катар турган кыргыз элим кирпик бол.

## Көбөйдү

Көчө бойлой дене сатып, иштегендер көбөйдү.
Молдону да кекиртектеп, "ич" дегендер көбөйдү.
Мансап үчүн жаралгансып бул дүйнөгө ар качан,
Кызматына жармашышып, түшпөгөндөр көбөйдү.

Куйтуланып, ушакташпай туралбаган көбөйдү,
Канча жанды өлтүрсө да, суралбаган көбөйдү.
Он уул, он кыз күтсө деле байкуш болуп акчасыз,
Өз башы үчүн кепедей там куралбаган көбөйдү.

Башка улутка басырылып тепки жеген көбөйдү,
Бай-манаптын кир таманын өпкүлөгөн көбөйдү.
Арак ичип, атасына ызырынып кол кайрып,
"Ай сеники, чучугума жетти" деген көбөйдү.

Арам оокат, арам пулга сатылгандар көбөйдү,
Таламандын так түшүндө атылгандар көбөйдү.
Баш кошушкан кечээ эле, жаңылдык деп а бүгүн,
Эки башка кетиш үчүн шашылгандар көбөйдү.

Максат коюп алга карай бет албаган көбөйдү,
Улагадан төрдү көздөй өтө албаган көбөйдү.
Арыз жазып, акча сунуп адвокат, сот, бийлерге,
Парасы жок маселесин чече албаган көбөйдү.

Алсыздарга ачып боору кол сунбаган көбөйдү,
Жакшы иштерди болгон жатса, болтурбаган көбөйдү.
Ырыскысы баратса да бөксө тартып кыргыздын,
Келсе деле колдорунан толтурбаган көбөйдү.

## МАЗМУНУ


Апама ........................................ 3
Жактыруу ........................................ 3
Кайгырган жаз ........................................ 4
Жалгыз калган адамдай ........................................ 5
Болчу менин Үкөйүм ........................................ 6
Жазгы нөшөр ........................................ 6
Сага ........................................ 7
Көрүп туруп ........................................ 8
Эне жүрөгү ........................................ 9
Кайда жүрөт калыстык ........................................ 9
Балалык ........................................ 9
Сүйүү ........................................ 10
Таш болосуң ........................................ 11
Айылым ........................................ 11
Көтөрөлү ата-журттун түндүгүн ........................................ 12
Кыргыз тилин сактайлы ........................................ 13
Кечир Ата-Журт ........................................ 14
Наристем ........................................ 15
Эки жүздүү боло көрбө кыргызым ........................................ 15
Ырым менин жолдошум ........................................ 16
Чөнтөкчүгө ........................................ 16
Кайдыгерлик ........................................ 17
Бийлик деген эмне? ........................................ 17
Акын ыры ........................................ 19

Доско ........................................................................ 19
Өкүнүч ........................................................................ 20
Кел Ноорузум! ........................................................................ 21
Эй, журналист! ........................................................................ 22
Бир дарактай өнөбүз ........................................................................ 22
Чырак жана акын ........................................................................ 23
Сулуулар ........................................................................ 23
Толгонуу ........................................................................ 24
Акча эмне? ........................................................................ 24
Үзүлгөн үмүт ........................................................................ 25
Күтүү ........................................................................ 27
Сезесиңби? ........................................................................ 27
Аялзат сенде улуулук ........................................................................ 28
Атыш керек ........................................................................ 29
Маркум атама ........................................................................ 29
Бала жыты ........................................................................ 30
Эне тил ........................................................................ 30
Сүйүү формуласы ........................................................................ 31
Балапан ........................................................................ 31
Акро ырлар ........................................................................ 32
Бейитиңер турсун жеңиш жыттанып ........................................................................ 34
Карек болсо эркиндик ........................................................................ 35
Көбөйдү ........................................................................ 36

Совет уулу Мелис

**ЧЫРАК**

*(ЫРЛАР)*

*Редакторлор:* С. Кубатова
Асантур уулу Самат

*Компьютердик калыпка салган:* Ж. Курмушуева

Мукабада И. А. Леденевдин «Ак боз ат» аттуу ишинен фрагмент колдонулду

Басууга 15.03.2013-ж. кол коюлду.
Форматы: 14,8х21
Көлөмү 3,3 эсептик басма табак
Нускасы: 150 даана

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду жана "Нурборбор" Эл аралык чыгармачылык академиясы тарабынан сунушталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент) Материалдарды даярдоо бөлүмүндө басмага даярдалып, Полиграфия бөлүмүндө басылып чыкты.